# Чынында, Аллах кызганат. Чынында ыймандуу пенде да кызганат. Аллахтын кызгануусу ыймандуу пенде Анын тыюу салган ишине барганда болот

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, Аллах кызганат. Чынында ыймандуу пенде да кызганат. Аллахтын кызгануусу ыймандуу пенде Анын тыюу салган ишине барганда болот".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуу пенде кызганып, жек көрүп, жийиркенген сыяктуу Аллах Таала да кызганарын, жек көрөрүн жана жийиркенерин кабарлаган. Аллах Таалынын кызгануусуна, ыймандуу пенденин арак ичүү, уурулук кылуу, бачабаздык кылуу, зына жана башка ушулар сыяктуу Аллах тыюу салган ыплас иштерге баруусу себеп болот.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee